«Эркин Тоо» № 66 от 06.08.13.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# З А К О Н
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### Кыргыз Республикасындагы гарантиялык фонддор жөнүндө

2013-жылдын 20-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан кабыл алынган

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасында гарантиялык фонддорду түзүүнүн жана алардын ишинин укуктук жана экономикалык негиздерин аныктайт.

### 1-глава. Жалпы жоболор

#### 1-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Гарантиялык фонд** – бизнести өнүктүрүүгө, өндүрүштү кеңейтүүгө, негизги каражаттарды сатып алууга жана модернизациялоого, жаңы технологияларды ишке киргизүүгө, инновациялык ишке жана гарантияларды (кепилдиктерди) берүү жолу менен жаңы ишканаларды ачууга багытталган банк кредиттерине чакан жана орто ишкердиктин субъектилеринин жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында ушул Мыйзамда каралган уюштуруу-укуктук формада түзүлгөн юридикалык жак.

**Финансылык-кредиттик мекемелер** – өздөрүнө берилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензияларынын негизинде банктык операцияларды жүргүзүүгө укуктуу болгон, гарантиялык фонд менен кызматташуу жөнүндө макулдашуу түзгөн же түзүүгө ниеттенген жана чакан жана орто ишкердиктин субъекттерине кредит берген банктар, чакан финансылык уюмдар.

**Гарантиялык капитал** – гарантияларды (кепилдиктерди) берүү аркылуу чакан жана орто ишкердиктин субъекттеринин кредиторлордун алдындагы милдеттенмесин аткарышын камсыз кылуу үчүн гарантиялык фонд тарабынан топтолгон финансылык ресурстардын жыйындысы.

**Чакан жана орто ишкердиктин субъектисинин милдеттенмелери** – кредиттик келишимдер боюнча жана ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык келип чыккан чакан жана орто ишкердиктин субъекттеринин милдеттенмелери.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# З А К О Н
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О гарантийных фондах в Кыргызской Республике

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

20 июня 2013 года

Настоящий Закон определяет правовые и экономические основы создания и деятельности гарантийных фондов в Кыргызской Республике.

### Глава 1. Общие положения

#### Статья 1. Основные понятия и термины, используемые в настоящем Законе

**Гарантийный фонд** – юридическое лицо, создаваемое в организационно–правовых формах, предусмотренных настоящим Законом, с целью повышения доступности для субъектов малого и среднего предпринимательства банковских кредитов, направляемых ими на развитие бизнеса, расширение производства, приобретение и модернизацию основных средств, внедрение новых технологий, инновационную деятельность и открытие новых предприятий, путем предоставления гарантий (поручительств).

**Финансово-кредитные учреждения** – банки, микрофинансовые организации, которые на основании выданных им лицензий Национального банка Кыргызской Республики имеют право осуществлять банковские операции, заключившие или намеревающиеся заключить с гарантийным фондом соглашение о сотрудничестве и кредитующие субъекты малого и среднего предпринимательства.

**Гарантийный капитал** – совокупность финансовых ресурсов, консолидированных гарантийным фондом, для обеспечения исполнения обязательств субъектов малого и среднего предпринимательства перед кредиторами путем предоставления гарантий (поручительств).

**Обязательства субъекта малого и среднего предпринимательства** - обязательства субъекта малого и среднего предпринимательства, возникшие по кредитным договорам и соответствующие требованиям настоящего Закона.

**Гарантия (кепилдик)** – кредиттик келишим, лизинг келишими (мындан ары – кредиттик келишим) боюнча чакан жана орто ишкердиктин субъекттеринин финансылык-кредиттик мекеменин алдында милдеттенмелерин аткарышына гарантиялык фонддун жооп берүүгө жазуу жүзүндөгү милдеттенмеси.

**Гарантиялык учур** – чакан жана орто ишкердиктин субъекттеринин кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбоо фактысы.

**Гарантияларды (кепилдиктерди) берүүнүн регламенти** – гарантиялык фонддун ыйгарым укуктуу органы тарабынан бекитилүүчү жана гарантияларды (кепилдиктерди) берүү тартибин жана шарттарын жөнгө салуучу документ.

**Чакан жана орто ишкердиктин субъекттери** – юридикалык жакты түзбөстөн ишкердик менен алектенген жеке жактар, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталган коммерциялык уюмдар жана ишканалар.

**Кардар** – гарантиялык фонддун гарантиялык камсыз кылуу (кепилдик) үлүшү бар финансылык-кредиттик мекеме менен кредиттик, лизингдик келишим түзгөн чакан жана орто ишкердиктин субъекттери.

**Мультипликатор коэффициенти** – финансылык-кредиттик мекемени кабыл алууга даяр болгон гарантиялык фонддун гарантияларынын (кепилдиктеринин) көлөмүнүн гарантиялык фонддун аталган мекемедеги каражаттарынан жогорулоо коэффициенти.

**Гарантиялык иш** – гарантиялык фонддордун кардарларга гарантияларды (кепилдиктерди) берүүгө багытталган иши.

**Гарантиялык фонддордун катышуучулары** – уюштуруучулар, акционерлер, пайчылар жана гарантиялык фонддордун мүчөлөрү.

**Регрессстик талап** – гарантиялык фонддун кардардан гарантия (кепилдик) келишими боюнча милдеттенмени аткаруу үчүн финансылык-кредиттик мекемеге төлөнгөн сумманын ордун толтуруп берүүнү талап кылууга укугу.

**2-берене. Гарантиялык фонддун аталышы**

Гарантиялык фонд уюмдун уставында жазылган аталышты гана колдонууга жана аталышында “Гарантиялык фонд” деген сөздөрдү, ал эми өзүнүн кыскача аталышында тиешелүү түрдө “ГФ” деген аббревиатураны колдонууга тийиш.

**3-берене. Кыргыз Республикасы менен гарантиялык фонддордун жоопкерчилигинин бөлүштүрүлүшү**

Тараптар ушундай милдеттенмелерди өздөрүнө ыктыярдуу түрдө алган учурларды кошпогондо, гарантиялык фонддор Кыргыз Республикасынын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт, ошону менен бирге Кыргыз Республикасы да гарантиялык фонддун милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.



**Гарантия (поручительство)** - письменное обязательство гарантийного фонда отвечать за исполнение обязательств субъектов малого и среднего предпринимательства перед финансово-кредитным учреждением по кредитному договору, договору лизинга (далее - кредитный договор).

**Гарантийный случай** - факт неисполнения субъектами малого и среднего предпринимательства обязательств по кредитному договору.

**Регламент предоставления гарантий (поручительств)** - документ, утверждаемый уполномоченным органом гарантийного фонда и регламентирующий порядок и условия предоставления гарантий (поручительств).

**Субъекты малого и среднего предпринимательства** - физические лица, занимающиеся предпринимательской деятельностью без образования юридического лица, коммерческие организации и предприятия, определенные в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

**Клиент** - субъект малого и среднего предпринимательства, заключивший кредитный, лизинговый договор с финансово-кредитным учреждением с долей гарантийного обеспечения (поручительства) гарантийного фонда.

**Коэффициент мультипликатора** – коэффициент превышения объема гарантий (поручительств) гарантийного фонда, который готово принять финансово-кредитное учреждение, над средствами гарантийного фонда, размещенными в указанном учреждении.

**Гарантийная деятельность** – деятельность гарантийных фондов, направленная на предоставление гарантий (поручительств) клиентам.

**Участники гарантийных фондов** – учредители, акционеры, пайщики и члены гарантийных фондов.

**Регрессное требование** – право гарантийного фонда на требование от клиента возмещения суммы, выплаченной финансово-кредитному учреждению во исполнение обязательства по договору гарантии (поручительства).

**Статья 2. Наименование гарантийного фонда**

Гарантийный фонд должен использовать только то наименование, которое приведено в уставе организации, и использовать в наименовании слова «Гарантийный фонд», а в своем кратком наименовании - соответственно аббревиатуру «ГФ».

**Статья 3. Разграничение ответственности Кыргызской Республики и гарантийных фондов**

Гарантийные фонды не отвечают по обязательствам Кыргызской Республики, равно как и Кыргызская Республика не отвечает по обязательствам гарантийных фондов, за исключением случаев, когда стороны добровольно принимают на себя такие обязательства.

## 2-глава. Гарантиялык фонддордун уюштуруу-укуктук формалары. Гарантиялык фонддордун иши

### 4-берене. Гарантиялык фондду түзүү

1. Гарантиялык фонддор ушул Мыйзамдын талаптарын сактоо менен жеке жана юридикалык жактар тарабынан түзүлүшү мүмкүн.

2. Гарантиялык фонддор акционердик коомдор, жоопкерчилиги чектелген коомдор, кооперативдер, мекемелер жана фонддор формасында түзүлүшү мүмкүн.

3. Гарантиялык фонддор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана уюштуруу документтерине ылайык уюштуруу-укуктук формага жараша башкаруу органын түзүшөт.

4. Ушул Мыйзам менен каралган талаптарга жооп бербеген юридикалык жактар гарантиялык иштер менен алектенүүгө укуксуз.

### 5-берене. Гарантиялык фонддордун бирикмелери

1. Гарантиялык фонддор өз ишин координациялоо, жалпы кызыкчылыкты коргоо жана билдирүү, биргелешкен гарантияларды аткаруу жана ушул сыяктуу башка максаттарда ассоциацияларды же союздарды түзө алат.

2. Гарантиялык фонддорго комиссиялык сый акы төлөөнүн, взностордун өлчөмдөрүн аныктоо максатында же атаандаштыкты чектөөгө, рынокту монополизациялоого жана чакан жана орто ишкердиктин субъекттеринин кредиттик ресурстарга жетишин начарлатууга багытталган башка максаттарда ассоциацияларды же союздарды колдонууга тыюу салынат.

### 6-берене. Гарантиялык фонддордун филиалдары жана өкүлчүлүктөрү

1. Юридикалык жак болуп саналбаган, башкы гарантиялык фонд турган жерден тышкары жайгашкан жана операциялардын бүтүндөй жана/же бир бөлүгүн гарантиялык фонд бекиткен жобонун негизинде ишке ашырган жана ага гарантиялык фонд берген ыйгарым укуктардын чегинде аракеттенген обочолонгон бөлүмчө гарантиялык фонддун филиалы болуп саналат.

Филиалдын гарантиялык фонд менен бирдиктүү капиталы, балансы, ошондой эле гарантиялык фонддун аталышына толук дал келген жана "филиал" деген сөздү кошуу менен аталышы болот.

2. Юридикалык жак болуп саналбаган, гарантиялык фонддун кызыкчылыктарын коргогон жана билдирген, гарантияларды (кепилдиктерди) берүүдөн тышкары, анын атынан бүтүм жана башка иш-аракеттерди жасаган анын обочолонгон бөлүмчөсү гарантиялык фонддун өкүлчүлүгү болуп саналат.

3. Гарантиялык фонддордун филиалдарынын жана/же өкүлчүлүктөрүнүн иш-аракеттери гарантиялык фонддордун иш-аракеттери катары каралат, болгондо да аларды түзгөн гарантиялык фонд филиалдын жана/же өкүлчүлүктүн иш-аракеттерине толук жоопкерчиликти алып жүрөт.



## Глава 2. Организационно-правовые формы гарантийных фондов. Деятельность гарантийных фондов

### Статья 4. Создание гарантийного фонда

1. Гарантийные фонды могут быть созданы физическими и юридическими лицами при соблюдении требований настоящего Закона.

2. Гарантийные фонды могут создаваться в форме акционерных обществ, обществ с ограниченной ответственностью, кооперативов, учреждений и фондов.

3. Гарантийные фонды формируют органы управления в зависимости от организационно-правовой формы, согласно законодательству Кыргызской Республики и в соответствии с учредительными документами.

4. Юридические лица, не отвечающие требованиям, предусмотренным настоящим Законом, не вправе заниматься гарантийной деятельностью.

### Статья 5. Объединения гарантийных фондов

1. В целях координации своей деятельности, защиты и представления общих интересов, выполнения совместных гарантии и в других аналогичных целях гарантийные фонды могут создавать ассоциации или союзы.

2. Гарантийным фондам запрещается использовать ассоциации либо союзы в целях установления размеров комиссионного вознаграждения, взносов или в других целях, направленных на ограничение конкуренции, монополизацию рынка и ухудшение доступа субъектов малого и среднего предпринимательства к кредитным ресурсам.

### Статья 6. Филиалы и представительства гарантийных фондов

1. Филиалом гарантийного фонда является его обособленное подразделение, не являющееся юридическим лицом, расположенное вне места нахождения головного гарантийного фонда, осуществляющее все и/или часть операций на основании положения, утвержденного гарантийным фондом, и действующее в пределах полномочий, предоставленных ему гарантийным фондом.

Филиал имеет единые с гарантийным фондом уставный капитал, баланс, а также наименование, полностью совпадающее с наименованием гарантийного фонда, с добавлением слова «филиал».

2. Представительством гарантийного фонда является его обособленное подразделение, не являющееся юридическим лицом, осуществляющее защиту и представительство интересов гарантийного фонда, совершающее от его имени сделки и иные юридические действия, за исключением выдачи гарантий (поручительств).

3. Действия филиалов и/или представительств гарантийных фондов рассматриваются как действия гарантийных фондов, причем их создавший гарантийный фонд несет полную ответственность за действия филиалов и/или представительств.

**7-берене. Кыргыз Республикасындагы гарантиялык фонддордун коз карандысыздыгы**

1. Гарантиялык фонддор ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары менен берилген компетенциясынын чегинде ишин өз алдынча уюштурат жана ишке ашырат.

2. Мамлекеттик бийликке жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларды кошпогондо, гарантиялык фонддордун ишине байланышкан маселелерди чечүүдө кандай гана формада болбосун кийлигишүүгө тыюу салынат.

3. Кызмат көрсөткөндүгү үчүн сыйакы толоонун өлчөмү кардар менен түзүлгөн келишимге ылайык гарантиялык фонд тарабынан өз алдынча аныкталат.

**3-глава. Гарантиялык капитал**

**8-берене. Гарантиялык капитал**

Гарантиялык фонддун гарантиялык капиталы толук төлөнгөн уставдык капиталдан, бөлүштүрүлбогон пайдадан, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган ыктыярдуу кайтарымсыз салымдардан жана взностордон турат.

**9-берене. Гарантиялык фонддун уставдык капиталы**

1. Ушул Мыйзам кабыл алынганга чейин түзүлгөн жана иштеп жаткан гарантиялык фонддорду кошпогондо, гарантиялык фонддун уставдык капиталынын минималдык өлчөмү 6 миллион сомдон кем болбошу керек.

Гарантиялык фонддун өздүк капиталынын өлчөмү иштеп турган бардык мөөнөттүн аралыгында уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүнөн кем болбоого тийиш.

2. Ар бир жекече юридикалык, жеке жактардын катышуу үлүшү гарантиялык фонддун уставдык капиталынын бүткүл суммасынан 20 пайыздан ашпоого тийиш.

3. Ушул берененин 2-пунктунун талаптары мамлекеттик жана муниципалдык юридикалык жактарга жайылтылбайт.

4. Гарантиялык фонддун уставдык капиталы акча түрүндө түзүлөт. Уставдык капиталдын курамына зайым болуп саналбаган уставдык капитал кирет.

5. Катышуучулар гарантиялык фонддун уставдык капиталына салган каражаттарды алар өздөрүнө тиешелүү болгон акцияларды, үлүштөрдү же пайларды сатуу аркылуу гана ала алат.

**10-берене. Уставдык капиталды түзүү булактары**

1. Гарантиялык фонддун уставдык капиталы республикалык, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын, ыктыярдуу взностордун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка бюджеттен тышкары каражаттардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн.

2. Уставдык капитал аны банктык салымдарга (депозиттерге) жайгаштыруу аркылуу гарантиялык фонд тарабынан топтолот.



**Статья 7. Независимость гарантийных фондов в Кыргызской Республике**

1. Гарантийные фонды самостоятельно организуют и осуществляют свою деятельность в пределах компетенции, предоставленной им настоящим Законом и иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики.

2. Государственным органам и органам местного самоуправления и их должностным лицам запрещается вмешательство в любой форме в решение вопросов, связанных с деятельностью гарантийных фондов, за исключением случаев, установленных законодательством Кыргызской Республики.

3. Размер вознаграждения за услуги самостоятельно устанавливается гарантийным фондом в соответствии с договором, заключаемым с клиентом.

**Глава 3. Гарантийный капитал**

**Статья 8. Гарантийный капитал**

Гарантийный капитал гарантийного фонда состоит из полностью оплаченного уставного капитала, нераспределенной прибыли, добровольных безвозмездных пожертвований и взносов, не запрещенных законодательством Кыргызской Республики.

**Статья 9. Уставный капитал гарантийного фонда**

1. Минимальный размер уставного капитала гарантийного фонда не может быть ниже 6 миллионов сомов, за исключением гарантийных фондов, созданных и действующих до принятия настоящего Закона.

В течение всего срока деятельности размер собственного капитала гарантийного фонда должен быть не менее минимального размера уставного капитала.

2. Доля участия каждого из частных юридических, физических лиц не должна превышать 20 процентов от всего размера уставного капитала гарантийного фонда.

3. Требования части 2 настоящей статьи не распространяются на государственные и муниципальные юридические лица.

4. Формирование уставного капитала гарантийного фонда осуществляется в денежной форме. В состав уставного капитала входит уставный капитал, который не является заемным.

5. Средства, вложенные участниками в уставный капитал гарантийного фонда, могут быть получены ими только путем продажи принадлежащих им акций, долей или паев.

**Статья 10. Источники формирования уставного капитала**

1. Уставный капитал гарантийного фонда может формироваться за счет средств республиканского, местного бюджетов, добровольных взносов и других внебюджетных источников, в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

## 4-глава. Гарантияларды (кепилдиктерди) берүүнүн негизги шарттары жана тартиби

### 11-берене. Гарантиялардын (кепилдиктердин) берилиши

1. Гарантиялык фонд тарабынан кепилдиктерди берүү Баалоо комиссиясынын чечиминин негизинде ушул Мыйзам жана гарантияларды берүү регламенти менен аныкталган тартипте жана шарттарда гарантиялык фонддун, финансы-кредиттик мекеменин жана чакан жана орто ишкерликтин субъектисинин ортосунда гарантиялык (кепилдик) келишимин түзүү жолу менен жүзөгө ашырылат.

2. Баалоо комиссиянын курамы гарантиялык фонддордун катышуучулары тарабынан аныкталат. Баалоо комиссиясынын мүчөлөрү 2 жылдык мөөнөткө гарантиялык фонддордун жогорку башкаруу органдары тарабынан дайындалат.

3. Гарантиялык фонддун гарантиясы (кепилдиги) менен камсыз кылынуучу чакан жана орто ишкердиктин субъектилеринин милдеттенмелерин тандоо жана ушул субъекттерге талаптар ушул Мыйзамда жана гарантиялык фонддун уставында белгиленген тартипте жана шарттарда ишке ашырылат.

4. Банк гарантиялык фондунан гарантияларды (кепилдиктерди) гарантиялык фондунун жана финансы-кредиттик мекемесинин ортосундагы макулдашуу боюнча белгиленген мультипликатордун коэффициенти боюнча кабыл алат.

### 12-берене. Гарантияларды (кепилдиктерди) берүүнүн негизги шарттары

1. Гарантиялык фонддун гарантиялары (кепилдиктери) ишкердиктин субъектисинин кредиттик келишим боюнча милдеттенмесинин камсыз болбогон бөлүгүнө берилет.

2. Гарантия (кепилдик) берүүнүн түзүлгөн келишимдери боюнча гарантиялык фонддун жоопкерчилигинин көлөмү кардардын финансылык-кредиттик мекеменин алдындагы негизги милдеттенмелеринин көлөмүнүн 30 пайызынан (кредиттин негизги суммасынан) ашпоого тийиш.

3. Гарантиялык фонддун бир кардарга гарантиясынын (кепилдигинин) суммасы гарантиялык фонддун гарантиялык капиталынын жалпы суммасынын 5 пайызынан ашпайт.

4. Гарантия (кепилдик) берүү кайтарымсыз негизде жүргүзүлөт жана гарантия (кепилдик) келишими менен аныкталат.

### 13-берене. Гарантиялык фонддун жоопкерчилиги

1. Гарантия (кепилдик) менен камсыз кылынган милдеттенмени кардар аткарбаганда же тиешелүү түрдө аткарбаганда гарантиялык фонддун жоопкерчилиги гарантия (кепилдик) келишиминде көрсөтүлгөн өлчөмдө бирдей тилектештикте болуп саналат.

2. Гарантиялык фонд кардардын кредит боюнча пайыздарды, үстөк айыпты, туумду, комиссиялык төлөмдөрдү төлөө боюнча милдеттенмесинин аткарылышын камсыз кылбайт.

3. Гарантиялык фонддун кардардын милдеттенмелерин аткаруу боюнча милдети кардар кредитти кайтарып берүү мөөнөтүн бузганда келип чыгат. Мында финансылык-кредиттик мекеме кардар кредиттик келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбаган күндөн



2. Уставный капитал консолидируется гарантийным фондом путем его размещения в банковских вкладах (депозитах).

## Глава 4. Основные условия и порядок предоставления гарантий (поручительств)

### Статья 11. Предоставление гарантий (поручительств)

1. Предоставление гарантий (поручительств) гарантийным фондом осуществляется путем заключения договора гарантии (поручительства) между гарантийным фондом, финансово-кредитным учреждением и субъектом малого и среднего предпринимательства на условиях, определенных настоящим Законом и регламентом предоставления гарантий (поручительств), на основании решения Оценочной комиссии.

2. Состав Оценочной комиссии определяется участниками гарантийного фонда. Члены Оценочной комиссии назначаются высшим органом управления гарантийного фонда сроком на 2 года.

3. Отбор обязательств субъектов малого и среднего предпринимательства, обеспечиваемых гарантией (поручительством) гарантийного фонда, и требования к данным субъектам определяются соответствующим компетентным органом гарантийного фонда в порядке и на условиях, установленных настоящим Законом и уставом гарантийного фонда.

4. Банк принимает гарантии (поручительства) от гарантийного фонда по коэффициенту мультипликатора, установленному по соглашению между гарантийным фондом и финансово-кредитным учреждением.

### Статья 12. Основные условия предоставления гарантий (поручительств)

1. Гарантии (поручительства) гарантийного фонда предоставляются на необеспеченную часть обязательства субъекта предпринимательской деятельности по кредитному договору.

2. Объем ответственности гарантийного фонда по заключенным договорам предоставления гарантии (поручительства) не должен превышать 30 процентов от объема основного обязательства (основной суммы кредита) клиента перед финансово-кредитным учреждением.

3. Сумма гарантии (поручительства) гарантийного фонда на одного клиента не может превышать 5 процентов от общей суммы гарантийного капитала гарантийного фонда.

4. Предоставление гарантии (поручительства) осуществляется на возмездной основе и определяется договором гарантии (поручительства).

### Статья 13 . Ответственность гарантийного фонда

1. Ответственность гарантийного фонда при неисполнении или ненадлежащем исполнении клиентом обеспеченного гарантией (поручительством) обязательства является солидарной в размере, указанном в договоре гарантии (поручительства).

тартып 5 жумушчу күндөн кечиктирбеген мөөнөттө гарантиялык фондго кардар кетирген кредиттик келишимдин шарттарынын бузулгандыгы тууралуу жазуу жүзүндө билдирет.

Гарантиялык фондунун милдеттүүлүгү, ушул бөлүктүн 1 абзацында көрсөтүлгөндөй, кардардын ссудалык эсеби боюнча күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөр берилгенден кийин жана финансы-кредиттик мекеме тарабынан келишимдерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте карыздарды төлөтүп алуу боюнча бардык чаралар ишке ашырылгандан кийин келип чыгат.

4. Ушул берененин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацында каралган шарттардын аткарылгандыгы ырасталган учурда гарантиялык фонд карызды гарантия (кепилдик) келишиминин шарттарында гарантиялык фонддун каражаттарынын эсебинен жоёт.

5. Гарантиялык фонд кардардын кредиттик келишими боюнча карызын жойгондон кийин гарантиялык фондго финансылык-кредиттик мекеменин кредиттик келишим боюнча бардык укуктары аткарылган милдеттенмелердин көлөмүндө өтөт. Мындай болгондо финансылык-кредиттик мекеме гарантиялык фонд гарантия (кепилдик) келишими боюнча милдеттенмелерди аткарган күндөн тартып 3 күндүк мөөнөттө гарантиялык фондго карызкор-кардарга карата талап кылуу укугун күбөлөндүрүүчү документтерди берүүгө тийиш.

6. Гарантиялык фонд Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кардардан гарантия (кепилдик) келишими боюнча милдеттенмелерди аткаруу үчүн финансылык-кредиттик мекемеге төлөнгөн сумманын ордун толтурууну регресс тартибинде талап кылууга укуктуу.

7. Карызкор-кардардан регресстик талаптарды канааттандырууда алынган каражаттар гарантиялык фонддун башкаруусунда калат жана гарантиялык фондду өнүктүрүүгө жумшалат.

**5-глава. Корутунду жоболор**

**14-берене. Гарантиялык фонддордо эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук**

1. Гарантиялык фонд бухгалтердик эсепте жана отчеттуулукту түзүүдө колдонулуучу документтердин эсепке алынышын жана сакталышын камсыз кылууга милдеттүү.

2. Сакталууга тийиш болгон негизги документтердин тизмеси жана аларды сактоо мөөнөтү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

**15-берене. Гарантиялык фонддордун кайра уюштурулушу жана/же жоюлушу**

1. Гарантиялык фонд Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарды сактоодо кайра уюштурулушу (биригиши, кошулушу, бөлүнүшү, бөлүнүп чыгышы) мүмкүн.

2. Бардык милдеттенмелер канааттандырылгандан кийин гарантиялык фонддун калган каражаттары, фонддор түрүндө түзүлгөн гарантиялык фонддорду кошпогондо, алардын үлүшүнө жараша пропорционалдуу түрдө уюштуруучулардын, пайчылардын ортосунда бөлүштүрүлөт.



2. Гарантийный фонд не обеспечивает исполнения обязательств клиента по уплате процентов по кредиту, неустойки, штрафа, пени, комиссионных.

3. Обязанность гарантийного фонда по исполнению обязательств клиента наступает при нарушении клиентом сроков возврата кредита. При этом финансово-кредитное учреждение в срок не позднее 5 рабочих дней со дня неисполнения клиентом обязательств по кредитному договору в письменном виде уведомляет гарантийный фонд о нарушении условий кредитного договора, допущенном клиентом.

Обязанность гарантийного фонда, указанная в абзаце первом настоящей части, возникает после предоставления заверенной выписки по ссудному счету клиента и реализации финансово-кредитным учреждением всех мер по взысканию задолженности в порядке, предусмотренном договорами и законодательством Кыргызской Республики.

4. В случае подтверждения выполнения условий, предусмотренных абзацем вторым части 3 настоящей статьи, гарантийный фонд осуществляет погашение задолженности на условиях договора гарантии (поручительства) за счет средств гарантийного фонда.

5. После погашения гарантийным фондом задолженности клиента по кредитному договору к гарантийному фонду переходят все права финансово-кредитного учреждения по кредитному договору в объеме исполненных обязательств. При этом финансово-кредитное учреждение в 3-дневный срок со дня исполнения гарантийным фондом обязательств по договору гарантии (поручительства) должно передать в гарантийный фонд документы, удостоверяющие права требования к клиенту-должнику.

6. Гарантийный фонд вправе потребовать от клиента в порядке регресса возмещения суммы, выплаченной финансово-кредитному учреждению во исполнение обязательства по договору гарантии (поручительства), в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.

7. Средства, полученные гарантийным фондом при удовлетворении регрессных требований к клиенту-должнику, остаются в распоряжении гарантийного фонда и направляются на развитие гарантийного фонда.

**Глава 5. Заключительные положения**

**Статья 14. Учет и отчетность в гарантийных фондах**

1. Гарантийный фонд обязан обеспечивать учет и хранение документов, используемых в бухгалтерском учете и при составлении отчетности.

2. Перечень основных документов, подлежащих хранению, и сроки их хранения устанавливаются законодательством Кыргызской Республики.

**Статья 15. Реорганизация и/или ликвидация гарантийных фондов**

1. Гарантийный фонд может быть реорганизован (слияние, присоединение, разделение, выделение) при соблюдении требований, установленных законодательством Кыргызской Республики.

**16-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Ушул Мыйзам кабыл алынганга чейин түзүлгөн жана иштеп жаткан гарантиялык фонддор ушул Мыйзам кабыл алынган күндөн баштап 2 жылдын ичинде 9-берененин 1-бөлүгүндө каралган өлчөмдөргө чейин уставдык капиталды көбөйтүүгө милдеттүү.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**

Бишкек ш.
2013-жылдын 30-июлу
№ 167



2. Средства гарантийного фонда, оставшиеся после удовлетворения всех обязательств, подлежат распределению среди учредителей, пайщиков пропорционально их долям, за исключением гарантийных фондов, созданных в виде фондов.

**Статья 16. Вступление в силу настоящего Закона**

1. Настоящий Закон вступает в силу по истечении 15 дней со дня официального опубликования.

2. Гарантийные фонды, созданные и действующие до принятия настоящего Закона, обязаны увеличить уставный капитал до размеров, предусмотренных частью 1 статьи 9, в течение 2 лет со дня принятия настоящего Закона.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А. Атамбаев**

г. Бишкек
30 июля 2013 года
№ 167